УДК339.747: 330.342.173(575.2)

# ДҮЙНӨЛҮК КАРЖЫ КААТЧЫЛЫГЫНЫН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КАРЖЫ СЕКТОРУНА ЖАНА ЭКОНОМИКАСЫНА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ ЖОЛДОРУ

***Дуйшеналиева Зарина Токтоналиева***, ага окутуучу, «Менеджмент» кафедрасы, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, Кыргызстан, 720044, Бишкек ш., Ч.Айтматов пр. 66, e-mail: zarina78@list.ru

***Сталбекова Айсулуу Сталбековна***, окутуучу, «Менеджмент» кафедрасы, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, Кыргызстан, 720044, Бишкек ш., Ч.Айтматов пр. 66, e-mail: stalbekova.2013@mail.ru

**Аннотация.** Кыргыз Республикасынын каржы системасынын учурдагы абалы жана ага дүйнөлүк каржы каатчылыгынын тийгизген таасири каралган. Экономикалык кризистер базар экономикасынын ажырагыс бөлүгү. Бул экономикалык тутумдун өнүгүшүндөгү белгилүү бир дисбаланс экендигин көрсөткөн көрсөткүчтөр. Кризистер коомдун социалдык-экономикалык тутумуна туруксуздаштыруучу татаал таасирин тийгизет. Тиешелүү экономикалык чөйрөнүн шарттарында иштеп жаткан чарба жүргүзүүчү субъекттердин бүтүндөй эволюциясы менен аныкталган экономикалык тең салмактуулук маселеси олуттуу көйгөйлөрдүн бири болуп саналат.

**Ачкыч сөздөр:** Улуттук экономика, кризис, мамлекет, бюджет, банк, инфляция, өндүрүштүн төмөндөшү, бизнести өнүктүрүү, базар мамилелери, экономикалык реформа.

# ВЛИЯНИЕ МИРОВОГО ФИНАНСОВОГО КРИЗИСА НА ФИНАНСОВЫЙ СЕКТОР И ЭКОНОМИКУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ПУТИ РАЗВИТИЯ

***Дуйшеналиева Зарина Токтоналиева,*** ст.преп., кафедра «Менеджмент», Кыргызский государственный технический университет им. И. Раззакова, Кыргызстан, 720044, г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова 66, e-mail: zarina78@list.ru

***Сталбекова Айсулуу Сталбековна,*** преп., кафедра «Менеджмент», Кыргызский государственный технический университет им. И. Раззакова, Кыргызстан, 720044, г. Бишкек, пр. Ч.Айтматова 66, e-mail: stalbekova.2013@mail.ru

**Аннотация.** В данной статье рассмотрены текущее состояние финансовой системы Кыргызской Республики и влияние мирового финансового кризиса. Экономические кризисы - неотъемлемая часть рыночной экономики. Это индикаторы наличия определенного дисбаланса в развитии экономической системы. Кризис оказывает комплексное дестабилизирующее воздействие на социально-экономическую систему общества. Одна из самых серьезных проблем – это проблема экономического баланса, определяемого всей эволюцией хозяйствующих субъектов, действующих в контексте соответствующей экономической среды.

**Ключевые слова:** Национальная экономика, кризис, государство, бюджет, банк, инфляция, спад производства, развитие бизнеса, рыночные отношения, реформирование экономики.

# IMPACT OF THE GLOBAL FINANCIAL CRISIS ON THE FINANCIAL SECTOR AND ECONOMY OF THE KYRGYZ REPUBLIC AND WAYS OF DEVELOPMENT

***Duishenalieva Zarina Toktonalieva,*** Art. lecturer, Department "Management", KSTU named after I. Razzakova, Kyrgyzstan, 720044, Bishkek, Aitmatov Ave. 66, e-mail: zarina78@list.ru

***Stalbekova Aisuluu Stalbekovna,*** lecturer, department "Management", KSTU named after I. Razzakov, Kyrgyzstan, 720044, Bishkek, Aitmatov Ave. 66, e-mail: stalbekova.2013@mail.ru

**Annotation**. This article examines the current state of the financial system of the Kyrgyz Republic and the impact of the global financial crisis. Economic crises are an integral part of the market economy. These are indicators of the presence of a certain imbalance in the development of the economic system. The crisis has a complex destabilizing effect on the socio-economic system of society. One of the most serious problems is the problem of the economic balance, determined by the entire evolution of economic entities operating in the context of the corresponding economic environment.

**Key words:** National economy, crisis, state, budget, bank, inflation, decline in production, business development, market relations, economic reform.

XIX кылымдан баштап, индустриалдык коомчулук тез өнүгө баштаган учурда, көптөгөн өнүккөн өлкөлөрдүн экономикасы каатчылыктарды башынан өткөрүп жатышкан, бул каатчылыктар өндүрүштүн кескин төмөндөшүнө, дүйнөлүк банктардын банкротко учурашына, ири жана кичи ишканалардын кыйрашына, жана анын кесепети катары калк арасындагы жумушсуздуктун кескин өсүшүнө, анын төлөм мүмкүнчүлүктөрүнүн жана рыноктордун сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келишкен.

Адистердин оюу боюнча, экономикалык каатчылыктардын негизги мүнөздөмөлөрү болуп, товар жана тейлөө кызмат рыногундагы талап менен сунуш ортосундагы тең салмактуулуктун жоготулушу саналат.

Акыркы мезгилде дүйнөлүк экономикалык коомчулук эл аралык каржы бирикмелер менен уюмдарды түзүү, чарбалык процесстерге таасир тийгизүү максатында сатуу рыногуна мониторинг жүргүзүү, мамлекет тарабынан экономиканы жөнгө салуу тууралуу мыйзамдарды чыгаруу жолдору менен жалпы каатчылыкты алдын алуу механизмдерин жакшыртууну көздөп келген, бирок өзүнүн максатына жете алган жок. Иштелип чыккан бир дагы ыкма кийинки экономикалык катаклизмдин кайсы учурда боло тургандыгын так божомолдоого жана андан кантип алдын алууга боло тургандыгын билүү мүмкүндүгүн бербейт.

Экономикалык каатчылыктардын тарыхы көрсөткөндөй, акыркы эки кылымда АКШ менен Европа өлкөлөрүндө түрдүү масштабдагы 20га жакын каатчылыктар болуп өткөн. Бул каатчылыктар көптөгөн сандагы ишканалардын кыйрашына алып келип, массалык ишсиздикти жана коомдук мамилелердин оорлошун жараткан.

Калктын жашоо деңгээли кескин төмөндөшү, жана ошону менен бирге жумушчу мигранттар кайтып келүүсү менен дүйнөлүк каатчылыктын социалдык залакасы Кыргызстанга жана Тажикистанга оор тийген.

2013-жылдагы дүйнөлүк каржы каатчылыгы башка экономикасын өнүккөн өлкөлөргө караганда Кыргыз Республикасына азыраак таасир тийгизген. ИДП өсүү ылдамдыгы 0,3%га азайып, курушул, электроэнергетика, унаа жана байланыш тармактарында өндүрүштүн көлөмү кыскарган, азык түлүк жана электроэнергия баалары кескин көтөрүлгөн, чет өлкөдөн акча которуулар кыскарган, жумушсуздардын саны факты боюнча 18% чейин жогорулаган, коммерциялык банктардын эсебинен валюталык каржаттардын чет өлкөгө агымы байкалган.


Буга карабай 2009-жылы март айында «Мамлекеттин жаңыртуу жолу» аттуу антикризистик план иштелип чыккан, анын ичине макроэкономикалык абалдын туруктуулугун сактоо, банк системасынын туруктуулугун, өнөр жай жана экономиканын коопсуздугун камсыздоо, ички талапты колдоо жана ылайыктуу иштөөгө жана инвестициялык чөйрө түзүү аркылуу экономиканын өсүшүн камсыз кылуу, пенсиянын орто көлөмүн 45% ке, ал эми номиналдык айлык акысынын 2,2 эсе жогорулашы, жалпы жумушсуздуктун официалдуу денгээлин 8%дан 7,3% чейин кыскартуу, ата мекендик ишканаларда мамлекеттик заказды жайгаштыруу, бюджеттик каражаттар менен социалдык турак-жайлардын курулушу каралган.

2014-жылдагы Кыргыз Республикасынын бюджеттик салык саясаты стимулдук мүнөзгө ээ эле. Салыктын жалпы санын кыскартуу жана КНС ставкасын төмөндөтүү, кошумча бюджеттик чыгымдарга керектөөнү көбөйтүүнү караштырган «Жаңы салык кодексинин» редакциясын киргизүүсү мамлекеттик бюджеттик дефициттин 2008-жылга ИДПга 0,1%га, 2009-жылы 1,5%га өсүшүнө алып келген.

Тышкы факторлорду таасиринин натыйжасында төлөө балансынын оң сальдосу мурунку жылга караганда 3 эсе жогорулаган. Мында тышкы соода жүгүртүү 21,5%га кыскарган.

Өлкөнүн каржы рыногундагы тенденциялары инфляциянын денгээлинин төмөндөшүнүн жана глобалдык экономикалык каатчылыгынын таасири астында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жүргүзүлүп жаткан акча-кредиттик саясатынын шарттарында калыптанган. Мунун натыйжасында, банктар аралык рынокто процenttик ставкасынын төмөндөшү жана улуттук валютанын күчүнүн басаңдашы байкалган. Аны менен бирге банк системасындагы ликвидүүлүк денгээли жогорку денгээлде сакталып калган.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Статистикалык комитетинин маалыматы боюнча көлөмү 8,4%ды түзгөн 2013-жылдын ИДПсына салыштырмалуу 2014-жылга ИДПнын көлөмү 196,5 млрд. сомду түзүп 2,3%га жогорулаган. [4 с.18]





**2.1-сүрөт. Реалдуу ички дүң продуктунун өсүү темптери (2000= 100%),%[1]**

Мамлекеттик каржы сектору бир топ тышкы оор шарттарда иштеп келген. Кыргыз Республикаснынын бюджеттик саясаты 2014-жылы бюджеттин узак мөөнөттүү туруктуулугун, бюджеттик чыгашалардын эффективдүүлүгүн жогорулатууну жана социалдык кепилдиктерди жана милдеттенмелерди өз убакытында каржылоону камсыздоого багытталган. Бирок аны иш жүзүнө ашыруу татаал шарттарда жүргүзүлгөн, анткени дүйнөлүк каржы каатчылыгы убагында кошумча бюджеттик чыгашаларга керектөө салык мыйзамындагы өзгөртүүлөр жана импорттун көлөмүнүн кыскарышы, өлкөдө ишмердүүлүк активдүүлүгүнүн жалпы төмөндөшүнүн натыйжасында салык кирешелери тарабынан олуттуу чектөөлөр менен каршы келген.

Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин маалыматы боюнча 2013-жылкы 0,1%га караганда мамлекеттик бюджеттин дефицити 2014-жылы ИДП 1,5%ды түзгөн. Мамлекеттик бюджеттин кирешеси жана алынган официалдуу трансферттер 16,4%га көбөйүп, 55,3 млрд. сомду же ИДП көлөмүнө 28,2%ды түзгөн. Бул учурда өсүүнүн оң темптери камсыз болгон, негизинен, чет өлкөлөрдөн жана чет өлкөлүк уюмдардан расмий трансфертлердин түшүүсү 10,2 млрд. сом эквивалентинде болгон, анын көбү Россия Федерациясынан - 6,4 млрд. сомду түзөт.


**Диаграмма 3.1**




**2.2-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин салык кирешелеринин структурасы, 2014-жыл, %**

[1] КРУБ жылдык отчету, 2014. – Б. – 2015. – 180 с.

**Диаграмма 3.2**




**2.3 сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин салык кирешесинин структурасы, 2013-жыл,%**

Мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашалары 58,2 млрд. сом түзгөн, ал 2008-жылкы көрсөткүчтөн 22,2%га жогору. ИДПга жараша чыгашалар 25,4% дан 29,7%га чейин жогорулаган.

Салык кирешелеринин өсүү темпинин басаңдашы барынан мурда салык кирешелеринин жалпы көлөмүндө КНС үлүшүнүн төмөндөшү, анын ставкасынын жана ошондой эле товарларды импорттоонун төмөндөшүнүн натыйжасы менен шартталган.

Ошентип, өлкөгө киргизилип жаткан продукциядан КНСнан түшкөн киреше 31,4 %га кыскарган. Мамлекеттин ичинде өндүрүлүп жаткан продукция жана тейлөө кызматтарына салынган КНС 27,5%га жогорулаган, бирок салык кирешелердин жалпы көлөмүнүн үлүшү төмөн бойдон калууда (12,7%). Жалпысынан КНСтан түшүүлөр 18,6%га кыскарган. Сатуудан түшкөн салыктар салык кирешесинин жалпы өсүшүнө чоң эмес салым кошту (6,7 пайыз пункттары). [4 с. 34]

Андан тышкары, белгилеп кетчү нерсе, Улуттук Банк эл аралык резервдерин жогорку деңгээлде ишенимдүү жана ликвидтүү инструменттерге салган: баалуу кагаздар, тез депозиттер, ошондой эле бир күндүк репо операцияларына. Баалуу кагаздардын порфели Австралия, Германия, АКШ, Швецариянын мамлекеттик баалуу кагаздарын жана эл аралык эсептөө Банкынын кыска жана орто мөөнөттүү инвестициялык инструменттерин ичине камтыйт. Тез депозиттер эл аралык рейтинги жогору чет өлкөлүк Борбор жана коммерциялык банктарда, эл аралык финансылык институттарда жайгашкан.[7]

## Корутунду

Стабилдештирүүнүн биринчи белгиси 2014-жылдын үчүнчү кварталында байкала баштаган, бирок экономикасы өнүккөн негизги өлкөлөрдүн акча-кредиттик жөнгө салуу органдары стимулдаштыруу программаларды токтотуудан баш тартышкан.

Кыргыз Республикасынын экономикасынын өнүгүп жаткан мүнөзүн жана анын дүйнөлүк каржы абалына көз каранды экендигин эске алсак, каржы каатчылыгын изилдөө маселеси изилдөө үчүн олуттуу тема катары көпкө чейин кала тургандыгын белгилеп кетсек болот.

## Адабияттар

1. Гыязов А.Т., Купуев П.К. Кыргызстандагы ишкердик структураларын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын изилдөө // Синергия. 2016. № 1. Б. 31-38.

2. Зулпукаров А.З., Наралиев Т.А. Кыргыз Республикасынын үй чарбаларынын кирешелеринин жана чыгашаларынын колдонулушун талдоо // Синергия. 2016. № 1. Б. 33-41.
3. Иванов Ш.Р., Дувалова Е.П. Россиядагы банк секторунун рыноктук тобокелдигине макроэкономикалык талдоо // Успехи современной науки. 2016. No 2. Том 2.Б 48-52.
4. Кудрин А. Дүйнөлүк каржы кризиси жана анын Россияга таасири // Экономикалык маселелер. 2009. №1. Б 38-42.
5. Тамбовцев В. Финансылык кризис жана экономикалык теория // Экономиканын суроолору. 2009. №1. Б 29-39.
6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2015-жыл. №18/1 т
7. Бексултанов А.А., Анализ функционирования внутреннего аудита в государственных секторах Кыргызской Республики (на примере здравоохранения) / Бексултанов А.А., Дуйшеналиева З.Т., Тагаев Т. // Известия Кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова – 2019 - № 51. – С. 259 – 270.